КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
БАЙЗАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
БАЙЗАКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ БАЙЗАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# БАЙЗАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН № VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ XI СЕССИЯСЫНЫН ТОКТОМУ № 11/1

**29. 03. 2024-жыл** **Байзак айылы**

**Байзак айыл аймагынын 2022-жылдын бюджетинин аткарылышы 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетин, Байзак айыл өкмөтүнүң 2023-жылдагы жергиликтүү бюджетинен үнөмдөлгөн каражаттын бөлүнүшүн жана 2025-2026-жылдардын бюджетинин долбоорун бекитүү жөнүндө**

2022-жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, 2024-жылга карата жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүн. 2023-жылдан үнөмдөлгөн каражаттын бөлүнүшүн жана 2025-2026-жылдардын бюджетинин долбоорун бекитүү боюнча Айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап Байзак айылдык Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Байзак айыл аймагынын 2022-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы толуктоолорду киргизүү менен киреше бөлүгү 41 745,1 миң сом, такталган бюджет 68 449,3 мин сом жана чыгаша бөлүгү 45 506,2 миң сом өлчөмүндө болуп, 22 943,1 миң сом профицит менен бекитилсин.
2. 2024-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү 45 878,1 миң сом өлчөмүндө бекитилсин. (Анын ичинен салыктык киреше 37 157,9 миң сом, салыктык эмес киреше 8 720,2 миң сом) жана №1 тиркемедегидей бөлүштүрүлсүн.
3. 2025-жылдын киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоору 51 062,5 миң сом өлчөмүндө бекитилсин. (Анын ичинен салыктык киреше 42 042,3 мин сом, салыктык эмес киреше 9 020,2 мин сом)
4. 2026-жылдын киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоору 56 553,9 миң сом өлчөмүндө бекитилсин. (Анын ичинен салыктык киреше 47 233,7 миң сом, салыктык эмес киреше 9 320,2 мин сом)
5. Байзак айыл өкмөтүнүң 2023-жылдагы жергиликтүү бюджетинин чыгымдалышынан үнөмдөлгөн 27 158 989 сом 38 тыйын акча каражаты №2 тиркемедегидей жана Байзак айыл аймагынын 2023-жылдагы атайын каражатынан үнөмдөлгөн 3 378 676 сом 99 тыйын акча каражаты №3 тиркемедегидей бөлүштүрүлсүн. (тиркемелер тиркелет)

Чыгаша бөлүгүндөгү акча каражаттары биринчи кезекте корголгон беренедерге (эмгек акы, соцфондго чегерүүлөр, комуналдык чыгымдар, иш сапары, транспорт чыгымдары, медикаменттер төлөмдөрү, тамак- ашка төлөмдөр, социалдык багаттагы төлөмдөргө, ж.б.) бөлүнсүн.

Копия

7. Токтомдо көрсөтүлгөндөр боюнча чыгымдоо сметасын түзүү, казна системасына киргизүү жана түзүлгөн сметага ылайык өз багыты менен чыгымдоо айыл өкмөтүнүн ФЭжСӨБүнө тапшырылсын.

8. Ушул токтом айыл өкмөтүнүн аппаратынан каттоодон өткөрүлүп bayzak.gov.kg сайтына жайгаштырылсын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облустук юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн, каттоодон өткөрүү жагы Байзак айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Р. Кадырбаевге милдеттендирилсин.

9. Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жана аткаруу Байзак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.К. Женалиевге милдеттендирилсин.

**Байзак айыл аймагынын айылдык кеңештин төрагасынын орун басары:** **У. Айткулов**